Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик кадр кызматынын
2013-жылдын 27-декабрындагы
№ 198-буйругуна 14-тиркеме

# Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Түштүк аймактык өкүлчүлүгү (Ош, Жалал-Абад, Баткен облустары жана Ош шаары боюнча) жөнүндө ЖОБО

1. **Жалпы жоболор**
2. **Милдеттер**
3. **Функциялар**
4. **Укуктар**
5. **Ишти уюштуруу**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын (мындан ары – МКК) Түштүк аймактык өкүлчүлүгү (мындан ары – ТүшАӨ) мамлекеттик башкаруу органдарында мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатын жана тийиштүү аймакта Кыргыз Республикасынын муниципалдык башкаруу органдарында муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мамлекеттик кадр саясатын жүзөгө ашырууну камсыз кылган МККнын Ош, Жалал-Абад, Баткен облустары жана Ош шаары боюнча аймактык бөлүмчөсү болуп саналат.

2. ТүшАӨ «мамлекеттик мекеме» аттуу уюштуруучулук-укуктук формасындагы юридикалык жак болуп эсептелет, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн жана өзүнүн аталышы мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган мөөрү болот:

мамлекеттик тилде – КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАДР КЫЗМАТЫНЫН ТҮШТҮК АЙМАКТЫК ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ (Ош, Жалал-Абад, Баткен облустары жана Ош шаары боюнча).

расмий тилде – ЮЖНОЕ ТЕРРИТОРИАЛЬНОЕ ПРЕДСТАВИТЕЛЬСТВО ГОСУДАРСТВЕННОЙ КАДРОВОЙ СЛУЖБЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (по Ошской, Джалал-Абадской, Баткенской областям и городу Ош).

3. ТүшАӨ жайгашкан жери (юридикалык дарек): Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Ош шаары, Ленин көчөсү, 221;

4. ТүшАӨ өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзам менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерин, МКК жөнүндө Жобону, Мамлекеттик кызмат боюнча кеңештин токтомдорун, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

5. Юридикалык жак караты ТүшАӨнүн мүлкү Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарына (мындан ары – мыйзамдары) ылайык, ага оперативдүү башкаруу укугунда бекитилип берилет.

6. ТүшАӨ өз ишмердигин МККнын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана башка аймактык өкүлчүлүктөрү, аймактык мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсү менен жүзөгө ашырат.

7. ТүшАӨнүн түзүлүшү жана штаттык ырааттамасы МКК директору тарабынан бекитилет.

8. ТүшАӨнүн каржыланышы республикалык бюджеттин каражаттарынын жана мыйзамдар менен тыюу салынбаган каржылоонун башка булактарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

## 2. Милдеттер

9. ТүшАӨнүн тийиштүү аймактагы негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматты башкаруу системасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын (мындан ары – кызматчылар) укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жер-жерлерде жүзөгө ашыруу жана аны өнүктүрүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- мыйзамдарга ылайык башка милдеттерди жүзөгө ашыруу.

## 3. Функциялар

10. Мыйзамдарга ылайык ТүшАӨ тийиштүү аймакта төмөнкү функцияларды ишке ашырат:

1) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө бирдиктүү кадр саясатын өркүндөтүү тарамагында:

- аймактык мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдуулуктун аткарылышын талдоо, мониторинг жүргүзүү жана мониторинг жүргүзүүнү баалоо:
- мурдагы мониторингдердин сунуштарын аткаруу боюнча аймактык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин текшерүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө статистикалык отчеттуулукту түзүү;
- аймактык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын

мамлекеттик жана муниципалдык кызматынын натыйжалуулугун талдоо, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды берүү;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштарды киргизүү;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды жана кызматчылардын этикасынын ченемдерин иштеп чыгуу боюнча сунуштарды киргизүү;

- кесипкөйлүгүн жогорулатууга түрткү болгон, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын материалдык жана материалдык эмес дем берүү системасын түзүү;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы кадр процесстерин эсепке алуу;

- кызматчылардын карьералык өсүүсүн системалык деңгээлде уюштуруу;

- мыйзамдарга, ошондой эле МКК тарабынан бекитилген Декларациялоо процессинде МКК менен мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүнүн тийиштүү эрежелерине ылайык, декларациялоо кампаниясын жыл сайын өткөрүү боюнча аймактык мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен өз ара аракеттенүү тартибин камсыз кылуу;

- аймактык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды бузуу менен кабыл алынган чечимдерди жокко чыгаруу жөнүндө сунуштарды киргизүү;

- МККнын тийиштүү түзүмдүк бөлүмчөлөрү менен биргелешип, кызматчыларды даярдоо, кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу жана стаж өтүүгө көмөктөшүү; мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервин түзүү жана иштетүү механизмдерин жүзөгө ашыруу; кызматчыларды жана кадрлар резервинде турган адамдарды окутууга болгон жалпы талаптарды түзүү, пландаштыруу жана божомолдоо;

- мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында табылган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат маселелери боюнча мыйзам бузуулары жөнүндө аймактык мамлекеттик органдарды, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларды, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана коомчулукту маалымдоо;

- кадрдык иштерде гендердик саясатты жүргүзүү;

2) мамлекеттик жана муниципалдык кызматты башкаруунун жогорку кесиптик системасын түзүү чөйрөсүндө:

- мамлекеттик администрациялык жана муниципалдык бош кызмат орундарына талапкерлерди конкурстук тандоодо, аттестациялоодо жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өтөөнүн башка маселелеринде бирдиктүү эрежелерди сактоо боюнча аймактык мамлекеттик органдардын,

жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин теске салуу;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуунун натыйжалуулугун баалоо;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчиликтеринин натыйжалуулугун баалоо;

- мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоонун негизинде акы төлөө системасын ишке киргизүү;

- административдик мамлекеттик жана муниципалдык бош кызмат орундарына талапкерлерди конкурстук тандоону, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды аттестациялоону уюштуруу жана өткөрүү;

- аймактык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аттестациялык-конкурстук комиссияларынын ишмердигин теске салуу;

- кызматкерлердин бирдиктүү маалыматтык электрондук базасын түзүүгө жана жүргүзүүгө көмөктөшүү;

- аймактык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадрлар резервин түзүүгө жана иштетүүгө көмөктөшүү;

3) мамлекеттик жана муниципалдык органдарында кызматтын кадыр-баркын жогорулатуу тармагында:

- кызматчылар тарабынан этиканын ченемдерин сактоону камсыз кылуу;

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалыматтык ачыктыгын камсыз кылуу;

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин оң тажрыйбасын жалпылоо жана ишке киргизүү;

- ар түрдүү окутуу семинарларды жана кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштуруу жана өткөрүү;

- таламдардын кагылышуусуна алып келген көйгөйлөрдү алдын алуу максатында тийиштүү процедураларын сактоону камсыз кылуу, таламдардын кагылышуусу жана аны жоюу ыкмалары менен байланыштуу маселелер боюнча кызматчыларга жана алардын жетекчилерине кеңеш берүү;

- мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө маалыматтык-коммуникациялык жана башка системаларды ишке киргизүү боюнча көмөк көрсөтүү;

- адам ресурстарын башкаруунун маалыматтык системасын ишке киргизүү жана пайдалануу процессине мониторинг жүргүзүү жана көзөмөлдөө;

- коом тарабынан талап кылынган массалык маалымат каражаттарында мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы кадр саясатынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө актуалдуу маалыматты өз учурунда жайгаштыруу;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу;

4) мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу тармагында:

- зарыл чараларды кабыл алуу, ошондой эле алардын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды сактоо маселелери боюнча кызматчылардын, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын арыздарын жана даттанууларын кароо;

- зарыл чараларды кабыл алуу, ошондой эле алардын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн, мамлекетке материалдык зыян келтирген аймактык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик органдарынын мамлекеттик кызматчыларынын маалыматтык базасын түзүү жана жүргүзүү;

- мамлекетке материалдык зыян келтирген аймактык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик кызматчыларынын маалыматтык базасын түзүү жана жүргүзүү, ошондой эле зыяндын ордун толтурулушун көзөмөлдөө;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдуулук боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

- кызматчылардын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулган учурларда аларга кеңеш берүү;

5) мыйзамдарга ылайык башка милдеттерди жүзөгө ашыруу.

## 4. Укуктар

11. Жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн ТүшАӨ төмөнкү укуктарга ээ:

- тийиштүү аймактагы аймактык мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан администрациялык мамлекеттик жана муниципалдык бош кызмат орундарына талапкерлерди конкурстук тандоодо бирдиктүү эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөө;

- тийиштүү аймактагы аймактагы мамлекеттик органдарга, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана кызмат адамдарына мыйзамдарды бузуу менен кабыл алынган чечимдерди жокко чыгаруу же өзгөртүү жөнүндө сунуштарды киргизүү;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын аткарбаган мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерин жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштарды жогору турган мамлекеттик органдарга киргизүү;

- өз милдеттерин жана функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн керек болгон маалыматты мамлекеттик органдардан, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, уюмдардан жана кызмат адамдарынан талап кылуу жана алуу;

- ТүшАӨнүн ишмердиги үчүн зарыл материалдарды МККнын башка аймактык өкүлчүлүктөрүнөн талап кылуу;

- декларацияларды өз учурунда тапшыруу зарылдыгы жөнүндө мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген декларанттарга маалымат берүү;

- аймактык мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирге, тийиштүү маалыматтардык кийин МККга жөнөтүү менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында окутуу үчүн сунушталган талапкерлерди тандоого катышуу;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү иштердин абалы жөнүндө аймактык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин маалыматын угуу;

- өз компетенциясынын чегиндеги маселелер боюнча жарандарды кабыл алуу, түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды кароо, алар боюнча керектүү чара көрүү;

- өз компетенциясынын чегинде буйруктарды чыгаруу;

- ТүшАӨнүн компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча массалык маалымат каражаттары менен байланышта болуу, өкмөттүк эмес уюмдар, аймактык мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташуу;

- аймактык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аттестациялык-конкурстук комиссияларынын ишине катышуу;

- өз ишмердигинин чөйрөсүндө методикалык жетекчиликти жүзөгө ашыруу;

- ТүшАӨ мыйзамдарда каралган башка укуктарга ээ.

## 5. Ишти уюштуруу

12. ТүшАӨ мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдарга ылайык МККнын директору менен кызматка дайындалган жана кызматтан бошотулган жетекчи тарабынан башкарылат.

13. Жетекчиге төмөнкү милдеттер жүктөлгөн:

- аймактык өкүлчүлүккө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн жеке жоопкерчиликти тартуу;

- ТүшАӨнүн ишин уюштуруу жана жетектөө;

- ТүшАӨнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча МККнын директоруна маалымат берүү;

- Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жана Ош шаарынын аймагында жайгашкан мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ишканалар, мекемелер жана уюмдар менен мамиледе ТүшАӨнүн

атынан чыгуу;

- тийиштүү аймакта МККнын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кеңешмелерине, отурумдарына жана коллегияларына белгиленген тартипте катышуу;

- ТүшАӨнүн администрациялык мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген кызматчыларды жылдыруу, ротациялоо, бошотуу жөнүндө сунуштарды МККнын директоруна белгиленген тартипте даярдоо;

- ТүшАӨнүн кызматчыларына дем берүү жана жазаларды колдонуу жөнүндө сунуштарды МККнын директоруна белгиленген тартипте киргизүү;

- ТүшАӨнүн кызматчыларынын кызматтык милдеттерин бекитүү;

- өзүнүн орун басарынын ыйгарым укуктарын белгилөө, өз укуктарынын бөлүгүн аткарууну ага тапшыруу, ТүшАӨнүн компетенциясына кирген маселелерди чечүү боюнча ТүшАӨнүн башка кызматчылардын укуктарын белгилөө;

- ТүшАӨнүн кызматчыларын жана жумушчуларын сыйлоо, ошондой эле кызматтык маяналарына үстөктөрдү бекитүү жөнүндө сунуштарды МККнын директоруна белгиленген тартипте киргизүү;

- республикалык бюджеттен ТүшАӨнү күтүүгө бөлүнгөн финансылык каражаттарды, ошондой эле мыйзамдар тарабынан тыюу салынбаган каржылоонун башка булактарын белгиленген тартипте башкаруу;

- жүктөлгөн милдеттердин чегинде МККнын директоруна отчет берүү жана жоопкерчилик тартуу;

- мыйзамдар тарабынан белгиленген башка укуктарды жүзөгө ашыруу.

14. ТүшАӨнүн жетекчиси жок болгон учурда анын ыйгарым укуктарын орун басары аткарат.

15. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби мыйзамдар тарабынан белгиленген тартипке ылайык ишке ашырылат.

16. ТүшАӨнү кайра уюштуруу жана жоюу мыйзамдар тарабынан белгиленген тартипке ылайык ишке ашырылат.